**АБДРАИМОВ К.А.**
*Ж.Баласагын атындагы*
*КУУнун алдындагы*
*ПКМДИнин доценти (Кыргызстан)*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ПЕДАГОГИКАЛЫК КАДРЛАРДЫ ДАЯРДООНУН ЖАНЫ ИШ ФОРМАСЫ

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын жаңыланышы, ал системанын абалын изилдөөнү талап кылат. Жаш муундарды ыймандуу кылып турмушка жеткилең тарбиялоо өтө жооптуу иш. Мындай чоң жоопкерчилик жаш муунду адам кылып калыптандыруу иши келечек алдында жоопкерчилиги күчтүү жер жүзүндөгү бардык кесиптеги адамдарды тарбиялап чыгарган мугалим деген ыйык атка жүктөлгөн. Мугалимдин коомдогу орду, кадыр баркы, адамдык сапаты, илимий көз карашы кала берсе кыймыл-аракетине чейин өзү окуткан окуучуларына үлгү болот. Мугалимдер бүгүнкү күнү болочоктогу муунду тарбиялоодо жалпы адамзаттык баалуулугу менен, улуттук жана жалпы адамзаттык маданиятты учурда билим берүүнүн булагы, аны ийгиликтүү ишке ашыруунун негизги шарты.

Өз мезгилинде англиялык мугалим Л.Стенхаус билим берүүнүн милдети катары маданиятты билимдин булагына айлантуу керек деп белгилеген. Азыркы учурда ар бир өтүлгөн сабак балдардын көңүлүндө түбөлүк сакталып калышы үчүн бир канча ыкмалардын курамынан сызылып чыккан усул керек. Окутуунун ушундай формасын билим берүүдө колдонуу дүйнөлүк билим берүү ыкмаларынан артта калбоого аракет кылгандык болуп саналат. Коомдогу социалдык өзгөрүүлөрдөн улам окуучулардын психологиясы да өзгөрдү. Өзгөчө тестиер жана өспүрүм курактагы окуучуларга чөйрөнүн таасири күчтүү экендиги талашсыз. Мугалимдин билими азыркы окутууда маселенин бир гана тарабын чечет. Ал эми экинчи тарабы, окутуп билим берүүнүн ык формаларын изденүүнүн көп түрдүүлүгүн түзөт. Башкача айтканда ар бир сабак окуучулар үчүн кызыктуу болгудай ыкмалардын, усулдук формалардын балдардын психологиясына дал келип табылышы, анда да ар бир класстын өзгөчөлүгүнө ылайык ыкмалардын иштелип чыгышы күн тартибинде турат. Албетте булл маселени дүйнө-лүк педагогикалык өнүгүштөргө салып, улуттук педагогика менен айкалыштыруу натыйжалуу болор эле. Педагогдун башкы милдеттеринин бири ар дайым сабакка, өзү өтүп жаткан предметке карата кызыкчылыгын ойготуп, тереңдетип кармап туруу.

Кыргыз Республикасындагы билим берүү реформасы 2025-жылга чейинки билим берүү стратегиясы менен тактикасын белгилеп, улуттук маданий каада-салттардын, өсүп келаткан муундарды тарбиялоодо жана окутууда улуттук артыкчылыктардын сакталышын негизги максат жана милдет катары койду. Ушундан улам педагогикалык кадрларды даярдоонун жаңы иш формасына байланыштуу алдыда олуттуу проблемалар турат. Учур талабы болочокто мугалим болуучу студенттерге билим берүүнүн мазмунун жакшыртууга, методикасын өкүндөтүүгө, жаңы ыкмаларды издөөгө багыт берип, рухий-педагогикалык татаал процесстерге багытталды.

Күн санап коомдун өнүгүшү өркүндөп өсүп, илимий-техникалык прогресстин зор кадамдарынын аркасында билим берүүнүн мазмуну менен формаларына болгон талаптар күчөтүлүүдө. Келечек муундарга жогорку деңгээлде, сапаттуу билим берүү максатында республикабыздын мектептеринин алдына койгон негизги милдеттеринин бири билим берүүнүн мазмунун жаңылоону ишке ашыруу эсептелинет. Билим берүүнүн мазмунунун өзгөрүшү окутуунун методдорун, каражаттарын, окуучулардын окуу иштерин уюштуруунун формаларын кайрадан карап чыгууну, алардын структурасын жана милдеттерин учурдун талабына шайкеш келтирүүнү талап кылат.

Ар бир окуучунун мүнөзүн билип, жан дүйнөсүнө чөмүлүп, кызыгуусун арттырууга, албетте, мугалимдин зор эмгеги талап кылынат. Мугалим өзүн-өзү көрүп,

педагогикалык татаал иштеги майда-чүйдө жылт этүүлөрдү, ийгиликтерди тутуп, аларды топтоо, практиканын сынынан кайра-кайра өткөрүү жана аны тажрыйба катары ырасташы керек. Албетте, мугалим жеке гана бир предметтин негизинде иш алып барбастан, башка да предметтерге көңүл буруп, өзүнө тиешелүү маалыматтарды алса билим берүүсүнө жолтоо болбос. Окуучунун кулк-мүнөзүн билип, берилген теманы, чыгарманы туура жеткирүү – мугалимдин милдети, ал эми берилген чыгарманы окуучунун туура анализдөөсү, туура кабыл алуусу, мугалимдин жеңиши.

Дидактиканын мурунтадан келаткан негизги принциптерине ылайык мугалим дайым эртеңки сабактарына даярданып жатып, «эмнени окутам?, кантип окутам?» деген эки проблеманын үстүндө ойлонот. Дегеле мугалим алгач өтүлчү материалды мыкты билиши керек. Мына ушундан кийин, ал окуу материалын окуучулардын аң-сезимине кандайча жеткирүү жөнүндө ойлонуп, аны майда деталдарына чейин иштеп, пландаштырып алуусу зарыл.

Мектепте окуучуларды учур талабына шайкеш келтирип тарбиялоо үчүн мектептин чыгармачылык эркиндигин, өз алдынча издене билүү жетекчилигин, акыл таймашында ар бир мектеп өз күчүн сынап көрүүнү, ар кандай чечим чыгарууда жана окутуу процессинде мугалимдердин ролун жогорулатууну жана арттырууну, индивидуалдуу изденүүчү, б.а., жалпы педагогика илиминде жаралган жаңы ачылыштарды өзүнүн ишкер турмушунда пайдаланууну же педагогикалык ишмердүүлүктү дайыма интеграциялап турууну, сабакта инновациялык ыкмаларды заманбап шартка ылайык колдонууну, мугалимдин лидерлик сапатын жогорулатууну, анын натыйжасында окуу топторун жетектөө сапатын өркүндөтүүчү, таалим-тарбия берүү учурунда мектептин миссиясы менен максаттарын өз кызыкчы-лыгындай кабылдоо аркылуу жүзөгө ашылышы мүмкүн экендигин ырасташат.

90-жылдардан бери азыркы педагогикалык процесске багыштап билим берүү проблемасы көтөрүлүүдө. Бирок, инсанды окутуп тарбиялоо максаттары менен бүгүнкү күндөгү жеке адамдын калыптануу аракеттеринин жана ага карата коюлган мезгилдин талаптарынын дал келбестиги ачык байкалууда. Педагогикалык системанын кыймылдуу элементтеринде, сабактын мазмунунда, методдорунда, формаларында толук кандуу жана системалык жаңылануу анча байкала бербейт. Инсандын тарбияланышына, жараң катары жетилүүсүнө билим берүү концепциясында да анча маани берилбей калган. Маселен билим берүү концепциясында баланын окуу ишине болгон кызыгуусун өркүндөтүү, билим алуу ишмердүүлүгүн ар бир окуучунун күндөлүк тиричилигине керектүү, кадыресе ажырагыс бөлүгү болуп калуусуна жетишүү, негизгиси билимдүүлүк азыркы жашоо образдын эң зарыл жана башкы элемент экендигин далилдөөгө аракеттер бар да, ал эми инсандын граждандык жактан эртең ким болуусу керектиги анча аныкталбай калган.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Алимбеков А. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы.-Б.,2002
2. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу сабагынын негизги идеясы эмнеде?//Кут билим.-2002.-11-декабр
3. Концепция воспитания школьников Кыргызской Республики//Кут билим.-2002.-20-декабрь